**Орозалы Текеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында аткарылган тарбиялык иштердин жылдык анализи.**

2021-2022-окуу жылынын башталышында мектепте мугалимдерге график боюнча дежурство түзүлүп бекитилген. Ар күн сайын экиден мугалим окуучулардын температурасын текшерип сабакка киргизишет. Күнүгө ар бир класстын окуучуларынын сабакка катышуусун жоктоп,ватсап аркылуу районго мониторинг жөнөтүлүп турат. Ошондой эле мектеп парламентинде шайланган окуучулар , атайын журнал ачып бардык класстардын окуучуларынын тазалыгын , формасын текшерип жазып турушат.

“15-сентябрь Билим күнү” линейка өткөрүлдү. Класстарда “Түбөлүккө желбирей бер эгемендин желеги”, “Мекенибиз Кыргызстан өнүгүүнүн жолунда” аттуу класстык сааттар өтүлдү. Сабакта окуучулар Кыргыз Республикасынын символикаларынын, кооз жерлери, жаратылышы тууралуу жана мен да өлкөбүздүн өнүгүүсүнө салымымды кошкум келет деген максатта маалымат атышты.

Андан сырткары сентябрь айында “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” жаштар уюму өттү. Андан сырткары сентябрь айында “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” жаштар уюму түзүлүп, мектеп парламенти шайланды. Айлана чөйрөнү коргоо боюнча тегерек стол өтүлдү күнүнүн 32 жылдыгына карата окуучулар чакан концерт коюшту. Анда ар бир класстан 1-класстан 4-класска чейин монтаж, ыр, манас айтышты. Ал эми 5-класстан 11-класска чейин көркөм окуу,ыр,бий,сценка аткарып мыкты деңгээде өттү. Ар бир класс жетекчилер Мамлекеттик тил күнүнүн 32 жылдыгына карата класстык саатар өткөрүлдү.

1-октябрь Карылар күнүнө камкордук акциясын өткөрдүк. Айылдагы кары-картаңдардын үйүнө 10,11 класстын балдары барып колдорунан келген жардамын беришти. Ошондой эле мектепте иштеп кетен пенсиядагы мугалимдерге мектеп тарабынан куттуктоо баракчасы, гүл белекке берилди.

5-октябрь мугалимдердин кесиптик майрамы болуп өттү. “Мугалим мөмөлүү дарак” деген темада ар бир класс жетекчи тарбиялык сааттарды өтүштү. Ошондой эле 8-9-10-11-класстардын окуучулары чакан концерт даярдап аткарып беришти. Райондук профсоюз тарабынан мугалимдердин

даярдап аткарып беришти. Райондук профсоюз тарабынан мугалимдердин майрамына карата бөлүнгөн акча каражаттарын чыгармачылык менен иштеген мугалимдерге жана олимпиададан орун алып келген эже-агайларга сыйлык катары беришти.

12-октябрда жарандык коргонуу боюнча окуулар өтүлдү. Анда жаратылыш кырсыктары ,сел,көчкү,катуу шамал,өрттүн кесепеттери тууралуу маалыматтар берилди.Окуучуларга эскертүү иретинде сабак учурунда шашылыш кабар менен эвакуацияланып түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

19-октябрда "Мезгилдин берекеси-Алтын күз" майрамы белгиленди. 0-1-2-3-4-класстар арасында мөмө-жемиштердин аталышында ар бир класс бөлүнүп алышып программа даярдашып концерт уюштурулду. Ар бир класс мыкты дэңгээлде аткарып беришти. Эмблема, форма, жомоктор баары эң сонун.Ар бир класстар өзгөчөлөнүп биринен-бири өтүп сонун даярданышкан.Стимул катары мактоо баракчалары,грамоталар,белектер берилди. Ал эми ушундай эле программа менен 5-6-7-8-9-10-11-класстар арасында таймаш болуп өттү. Булар жер-жемиштер аталышында командага бөлүнүп эң сонун аткарып беришти.Жогорку класстарда атайын салфетка, кагаз, целлофан, карта, жалбырак ж.б. менен мода көргөзүшүп, ар бир кийими өзгөчө креатив менен жасалып тигилген.Эң мыкты деңгээлде аткарган класстарга куттуктоо баракчалары жана белектер берилди.

5-11-класстар кыздар арасында өздүк гигиенаны сактоо тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү."Үй бүлө" жана "Кызга кырк үйдөн тыюу" деген темаларда кыздар кеңеши өтүлдү.Кыздар түшүнбөгөн суроолорун беришип,талкуу кызыктуу жана максаттуу өттү.

Ноябрь айында ИДН кызматкери жана ТИ боюнча д.о.б менен биргеликте сабакты көп калтырган окуучулардын үйүнө барып ата-энелери менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.Анда ата-энелерге окуучунун жана ата-эненин милдеттери эскертилип,алдын алуу иштери жүргүзүлдү.Байланыш номерлери алынды.

Терроризм жана экстремизм, туура эмес диний агымга кирип кетүү коркунучунун алдын алуу максатында айыл имамы менен жолугушуу болду. Жолугушууда ар кандай суроолор талкууланды. Айыл имамы Эралиев А. Окуучулардын окууга көбүрөөк көңүл буруусун өтүндү. Ал өз сөзүндө

чыныгы мусулман башка адамдарга зыян тийгизбей турганын, тартиптүү болорун, мыкты билим алуу менен гана күчтүү мамлекет куруу мүмкүн экендигин белгиледи.

1-декабрь эл аралык ВИЧ жана СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата сүрөт көргөзмөсү жана дубал гезиттер чыгарылды. "Биз СПИДке каршыбыз!" темада класстык сааттар өтүлдү. Декабрь айында жолдо жүрүү эрежелери, коопсуздук эрежелери тууралуу коопсуздук эрежелери өтүлдү.Тегерек стол,дилбаян ж.б иш-чаралар менен коштолду.

3-декабрда "Майыптар" күнүнө карата кайрымдуулукакциясы жарыяланып,окуучулар тарабынан даярдалган белектер тапшырылды.

12-декабрь Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата "Чыңгыз жана каармандары" аттуу 1-4-класстар арасында сүрөт сынагы,5-8-класстар арасында дубал гезиттер сынагы,9-11-класстар арасында дилбаяндар сынагы жана адабий музыкалык эскерүү кечеси өткөрүлгөн.

28-29-декабрь "Келсин, жаңы жылым, келсин" деген темада балаты майрамы болуп өттү. 0-1-2-3-4-5-6-класстарда 28-декабрда болуп өттү. Анда атайын мектеп парламенти ар кандай кийимдерди (кемпир, сыйкырчы, коенек, аяз ата,аяз кыз) кийинишип окуучуларга майрамдык маанай тартуулап беришти. Окуучулардын ыр, бий , жомок ж.б. баары эң сонун мыкты дэңгээлде өттү.Бардык окуучулар чыгармачылык менен сахналаштырылып,жогорку деңгээлде өттү.17-21-январь "Сергек жашоого тарбиялоо"-боюнча окуучулардын санитардык – гигиеналык эрежелиринин сакталышы боюнча мектепте ар бир класста ден соолук бурчу уюштурулган.

26-28-январь айында Сасык тумоодон жана жугуштуу оорулардан сактаналы! аттуу 1-11-класстын окуучуларына тарбиялык сааттар өтүлдү.

Ошондой эле 8-11-класстын окуучуларынын кыздарына кыздар советинин төрайымы Сариева Н жана Туйтеева А "Үй бүлө деген эмне", " Өзүн алып жүрүү маданияты" боюнча лекция окулуп тартиби начар кыздар менен аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү. Ал эми ошол эле кыздарга"Эрте кош бойлуулуктун алдын алуу" боюнча мектептин мед.айымы менен бирдикте лекция окулуп толук маалымат берилди.

Жума сайын кыхздар жана балдар менен аңгемелешүүлөр жүрүп,кыздардын жүрүш-турушу,балдардын тартиби,сабакка кечигип келүү,сабак калтыруулар боюнча иштер жүргузүлүп турду.ИДН кызматкери менен зордук-зомбулуктун алдын алуу,рэкетти болтурбоо максатында жолугушуулар өтүлүп,тушундүрүү иштери жүргузүлүп турду.

3-февралда "Насвай", "Токсимания", "Алкоголь" ичимдиктери боюнча ИДН кызматкери Түркбаев Ү.Р менен биргеликте лекция өтүлүп толук маалыматтар берилди.

15-Февралда Советтик Армиянын Афганистан согушунун ардагерлерине "Биз Мекенди когоочуларыбыз"-деген темада спорттук оюн уюштуруп ага 7-11-класстар арасында балдар,кыздар катышып жалпысынан 5 команда ойноду.Командаларга байгелер тапшырылды.Эң мыкты деңгээлде өттү.

23-февралда Ата Мекенди коргоо күнүнө арналган " Мырза жигит -2022" конкурсу болду.Ага 8-11-класстардан 2 ден бала катышып программа боюнча тапшырмаларды аткарышты.Биринчи орунду 10-класстын окуучусу Колдошев У,экинчи орунду 11-кл.окуучусу Бакасов А,үчүнчү орунду 10-кл.окуучусу Өмүрбеков Р алды.Грамоталар,белектер тапшырылды.

Март айынынын башында " Бир окуучу бир көчөт" аттуу акциясы өттү.Анда 1-11-класстын окуучуларынын ар бири бирден көчөт алып келип мектептин айланасына отургузулду.

5-март Ак калпак күнү,кыргыз мамлекетинин Гербинин,Туусунун 30 жылдыгы күнү белгиленип класстык сааттар өтүлдү.Башталгыч класстар өз чеберчилиги менен туунун сүрөтүн тартып,программа боюнча ырларды,декламацияларын айтышты.

7-март " Аялдардын эл аралык" майрамына карата " Жаз сулуусу -2022" конкурсу болуп өттү.Ага 8-11-класстан 2 ден кыз катышып.Программа боюнча тапшырмалар аткарылды.Кыздар абдан изденип,чыгармачылык менен катышышты.Кыздар эң мыкты деңгээлде катышып, бардык кыздарга номинация менен грамоталар,белектер тапшырылды.

Март айында "Башталгыч классынын декадасынын" жүрүшүндө 1-4-класстар арасында "Спорттук эстафета" оюну болуп өттү.Ар бир класстын

бардык окуучулары катышты.Жеңүүчүлөргө спорттук белектер тапшырылды.Ошондой эле “ Мен Ата Мекенимди сүйөм” аттуу сүрөт конкурсу уюштурулду.

15-мартта “Улар үнү -2022” конкурсу О.Текеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде болуп өттү. Ага кошуна айылдардан Телман,Кум-Арык,Эркин-Сай мектебинин окуучулары келип катышышты.РБББ нүн адиси Бактияр жана Жаныбек келип сынактан Кум_Арыктын бийин жана манасын алып кетишти.

18-мартта “ Кел Ноорузум” аттуу кечеге 1-11-класстын окуучулары класс боюнча бирден кыргыздын салтын көргөзүп беришти.Ар бир класс башка бири-бирине окшобогон ырым-жырым,салттарды мыкты деңгээлде аткарып беришти.

Апрель айынын башында “ Биз жолдо жүрүү жана өрт техникасы коопсуздугун сактайбыз аттуу бардык класстын окуучуларына балдардын жолдогу жүрүм-турум маданияты, “Уюлдук телефонду жолдо колдонбо”,”Мектепте өрт чыкса” деген темалар боюнча ЖЖКИ(ЮИД) инспекторлору түшүндүрүү иштерип жүргүзүп жана тревогаларды уюштуруп толук маалымат берип кетишти.

Апрель айында РБББ башчысы Ашыкеев Б.Т жардамы менен мектептин алдына Халык Банк  тарабынан берилген 90 алма көчөтү отургузулду.Ошондой Эле Букаранын кызы Сайра эжеке тарабынан берилген беш миң сом акчага роза ж.б гүлдөр отургузулду.

1-май “ Эмгек күнүнө карата” окуучулар арасында ишембилик уюштурулуп,мектептин айланасы тазаланып жашылдандырылды.

9-май “ Улуу жеңиш” күнүнө карата 1-11-класстар арасында окуучулар тандалып алынып чакан концерттик программа өтүлдү. “Өлбөс Полк” жүрүшүндө мугалимдер,ата-энелер гүл көтөрүп келишти.Айылдык имам тарабынан жалпы согушта курман болгон жоокерлерге куран окулду.Ата-энелер концертке күбө болуп кетишти.

Май ичинде 1-11-класстар арасында жаратылыш коопсуздугу( жылан,кене,суу ж.б) тууралуу класстык сааттар өтүлүп турду.

1-июнь балдар кунүнө карата спорттук оюн уюштурулуп,айыл өкмөт тарабынан балмуздак берилди.

9-июнь Акыркы коңгуроо салтанаттуу линейкасы өтүлүп,жайкы каникулга карата ата-энелер менен каникул учурундагы коопсуздук иштери жүргүзүлүп,окуучулар жайкы каникулга таратылды.